**ЧҮЙ ОБЛУСУНУН**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН**
**ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА**
**ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА**
**ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ**

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз XVIII (он сегизинчи) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 14-июлу №87/ XVIII -29** **Алмалуу айылы**

**Муниципалдык менчиктеги жалпы пайдалануудагы мончону ижарага берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 03-июлундагы №03/13/641 "Муниципалдык менчик объектилеринин натыйжалуу пайдаланылышын камсыз кылуу максатында, муниципалдык менчиктеги жалпы пайдалануудагы мончону жаран Садыров Назирбек Каримовичке ижарага берүү жөнүндө" кайрылуусун карап чыгып, Муниципиалдык менчик обьекттерин ижарага берүү боюнча комиссиясынын 2026-жылдын 25- июнундагы №1 протоколун эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» мыйзамына ылайык, **Ысык-Ата айылдык Кеңеши токтом кылат:**

1. Муниципалдык менчик объектиси болуп саналган жалпы пайдалануудагы мончону Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» мыйзамынын талаптарына ылайык ижара келишимин түзүү аркылуу Садыров Назирбек Каримовичке ижарага берүүгө макулдук берилсин;
2. Ижарачы Садыров Назирбек Каримович муниципалдык менчик объектисин талапка ылайык сактоого, анын техникалык жана санитардык абалын камсыз кылууга, коммуналдык төлөмдөрдү өз убагында төлөөгө жана келишимдин шарттарын так аткарууга милдеттендирилсин.
3. Жалпы пайдалануудагы мончого сарпталуучу сууну сарамжалдуу пайдаланууну көзөмөлдөө «Ысык-Ата» муниципалдык ишканасынын жетекчисине жүктөлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышы Ысык-Ата айылдык Кенешинин социалдык иштер (ден-соолук, билим берүү, маданият, укук коргоо, мыйзамдуулук жана туризм) боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**